КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН ТАЛАС ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙГОРОДСКОЙКЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ

Shaar.kenesh@gmail.com

Shaar.kenesh@gmail.com

**Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин IX чакырылыштагы кезектеги VII сессиясынын**
**№41/7-9 ТЕСКЕМЕ**

**2-июль, 2025-жыл** **Талас шаары**

**Талас шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын менчикти башкаруу жана калкка кызмат кылуулары жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүмүнүн 1-пункту, Талас шаардык кенешинин Регламентинин 8-бөлүмүнүн 8.2- пункту жана Депутаттардын Талас шаардык кенешинин 2025-жылга карата Иш планына ылайык, Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын менчикти башкаруу жана калкка кызмат кылуулары жөнүндө Талас шаардык кенешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап чыгып, Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын менчикти башкаруу жана калкка кызмат кылуу багытында аткарылып жаткан иштери "канаттандыраарлык" деп белгиленсин жана Талас шаардык кенешинин 2025-жылга карата иш планында каралган маселелердин алкагында, муниципалдык менчик башкармалыгына тиешелүү төмөндөгү негизги иштерди аткаруу милдеттендирилсин:
   - Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестрин түзүү жана жүргүзүү;
   - Муниципалдык менчиктеги обьекттерди менчиктештирүү программасын иштеп чыгуу;
   - Талас шаарынын муниципалдык менчигине жалпы инвентаризация жүргүзүү;
   - Электрондук форматтагы муниципалдык менчиктеги обьекттерди пайдаланууга жана ижарага берүү тартиби, Муниципалдык менчикти камсыздандыруу жана тизмеден чыгарып салуу тартиби жөнүндө жоболорун иштеп чыгып бекитүү.
2. Кабыл алынган токтомду Талас шаарынын мэриясынын сайтына жайгаштыруу жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлдөө Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин жооптуу катчысына (Сариева А.Ж.) милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу Депутаттардын Талас шаардык кеңешинин "Өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкерликти өнүктүрүү, электр жана байланыш иштери боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасына (Турсалиев У.К.) тапшырылсын.

**Төрага** **К. Джаныбеков**